**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Кесиптик бирликтин төрайымы
_____________С.Тиленбаева
30 08 2019-жыл

**БЕКИТЕМ**
Директор
_____________А.Асаналиева
30 август 2019-жыл

*(Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим, маданият Министрлигинин 2002-жылдын 24-апрелиндеги № 199/1 буйругу менен бекитилген)*

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин этика боюнча комиссиясынын болжолдуу**

**ЖОБОсу**

## I. Жалпы суроолор

1.Билим берүү мекемелериндеги этика боюнча комиссия Кыргыз Республикасынын Конститутциясынын, «Мугалимдин статусу» жана Жалпы билим берүү уюмдары жөнүндө типтүү Жобонун негизинде түзүлөт.
2. Билим берүү мекемелериндеги этика комиссиясынын негизги милдети педогагика тармагында иштеген кызматкерлердин жүрүм-турумунун нормаларын белгилеп, белгиленген нормалардын сакталышын колдоого алып, чектен чыгып кетпөөсүн көзөмөлдөп туруу менен бирге этикалык норма бузган мугалимдерге чара көрүү нормасын аныктайт.
3.Этикалык норманы педагогикалык жамааттын ар бир мүчөсү так сактоого тийиш жана анын функционалдык милдеттерине кирет.

## II Этика боюнча комиссиясынын ишмердүүлүгүнүн (иш-аракеттеринин) негизги принциптери.

4. Билим берүү мекемесиндеги этика боюнча комиссия мүчөлөрү педагогикалык кенеште педагогикалык кызматкерлердин ичинен шайланат.
5. Этика боюнча комиссиянын төрагасын комиссия мүчөлөрү шайлайт. Билим берүү мекемесинин директору жана анын орун басарлары комиссиянын мүчөлөрү боло алат, бирок этика боюнча комиссиянын төрагасы боло алышпайт.
6. Этика боюнча комиссиянын төрагасын ушул жаатгагы иш-аракети үчүн комиссия мүчөлөрүнүн макулдугусуз жана өзүнүн каалоосу болмоюнча, ээлеп турган кызматынан бошотууга болбойт.
7. Этика боюнча комиссиянын жыйналышы эгерде ага анын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса ыйгарым укуктуу деп эсептелет.
8. Комиссиянын добуштары бирдей болуп калган учурда төраганын пикири чечүүчү болуп эсептелет.
9. Этикалык эрежелердин нормасына;
- Мугалимдин билим берүү мекемесинин иш-чараларынын катышуусу;
- мугалимге жүктөлгөн милдеттерди профессионалдык деңгээлде так аткаруу, педагогикалык чеберчилигин жогорулатуусу;
- жалпы кабыл алынган адептүүлүк-этикалык эрежелерин педагогикалык милдетин аткаруу учурунда гана эмес, жумуштан тышкары учурда да сактоосу
- окуучулар, ата-энелер жана кесиптештер менен иштешүүдө сылык-сыпаалыгы, сабырдуулугу, принциптүүлүгү, маселенин түпкү өзөгүн терең билүүгө умтуулусу,

сүйлөшүп жаткан адамдын угa жана анын позициясын кабыл ала билүүсү, ошондой эле, чечим кабыл алуудагы калыстыгы жана жүйөөлүүлүгү менен айырмаланып туруусу;
- өзүн сый-урмат менен татыктуу алып жүрүүсү.

10. Мугалимдин этикасына байланыштуу чектөөлөр
Мугалимдин төмөнкүлөргө укугу жок;
- билим берүү мекемелеринде диний, атеисттик үгүт иштерин жүргүзүүгө;
- ар кандай саясий партиялардын, топтордун иш-аракеттерине катышууга жана улуттук, шовинисттик, милитаристтик идеологияларды жайылтууга;
- мектеп жашындагы балдарды иш-таштоолорго, саясий акцияларга тартууга;
- окуучуларга зордук-зомбулук көргөзүүгө;
- ата-энелердин же башка физикалык, юридикалык жактардан кымбат баалуу белек, акча жана башка сыйлык акы алууга;

11. Этикалык эрежелердин негизинде педагогикалык жамаат профессионалдык этика кодексин кабыл алышат.

## III. Этика боюнча комиссиянын укугу

1. Педагогикалык жамааттын ичинде этикалык норманын сакталышын көзөмөлдөө менен жагымдуу психологиялык жагдайды түзүп берүүнү, жамаатта ар кандай талаш-тартышты, кагылышууларды болтурбоону жөнгө салат.

**2. Мугалимдин намыс кодекси**

- Мен, Кыргыз Республикасынын жараны жана педагог катары милдеттенем;
- Кыргыз Республикасынын Конституциясын сактоого, Кыргызстандын символдору;
- Гимн, Герб, Желекти билүүгө, урматтоого жана муну өзүмдүн окуучуларыма үйрөтүүгө;
- Жогорку профессионалдуу адис болууга, дайыма өзүмдүн педагогикалык чеберчилигимди жана квалификациямды жогорулатып турууга;
- Өзүмдүн жүрүш-турушум, сырткы көрүнүшүм менен окуучуларга, алардын ата-энелерине үлгү болууга;
- Кыргыз Республикасынын « Жашы жете элек өспүрүмдөрдү коргоо» Мыйзамын, балдар укугу жөнүндөгү Конвенцияны таануу жана аткарылышын көзөмөлдөөгө;
- Окуучуларымды сүйүүгө, ар биринен инсанды көрүүгө, алардын интеллектуалдык, моралдык, адеп-ахлактык жактан өсүүсүнө көмөктөшүүгө;
- Педагог катары чыдамкайлуулукту, тартиптүүлүктү, принципиалдуулукту сактоого;
- Өзүмдү жана балдарды гумандуулукка, сылыктыкка, тартиптүүлүккө тарбиялоого;
- Митинг, иш таштоого катышпоого, аргументтүү жана ойлонулган чечимдерди кабыл алууга;
- Окуучуларга, кесиптештерине, жетекчилерге жана ата-энелерге сый мамиле кылууга милдеттенем;